Кыргыз Республикасы
Жалал-Абад облусу
Базар-Коргон району
Ж. Турусбеков атындагы
№33 жалпы билим берүүчү
орто мектеби

Кыргызской Республики
Жалал-Абадской области
Базар-Коргонский район
общ. обр. С. Ш. №33
имени Ж. Турусбекова

# Буйрук

# Приказ

**12.03.2019-жыл** **№19** **Каба айылы:**

**Талаш-тартыш жана Этика комиссиясын түзүү жөнүндө.**

"Билим берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мугалимдердин өз милдеттерин так аткаруусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 15.12.2017-жылдагы №1548/1 буйругун аткарууга алуу максатында буйрук кыламын:

1. Мектепте мугалимдер арасында педагогикалык этика боюнча талкуу жүргүзүлсүн.
2. Мектепте жүрүм-турум стандартын жөнгө салуу боюнча төмөнкүдөй этика комиссиясы түзүлсүн.
   - Комиссиянын төрайымы: Арзыбаева Ж. Уюштуруучу
   - Нурманбетов З. – мүчө соцпедагог.
   - Алымкулов Б.- мүчө. Окуу бөлүм башчысы
   - Мамаев С. –мүчө ата-энелер комитети
   - Төрөгелдиев Ы. –мүчө-депутат.
3. Окуучунун билим берүү имаратында өткөргөн убактысы коопсуз жана жакшы маанайда болсун.
4. Окуучуларга карата тарбиялоонун зомбулук камытган ыкмаларын колдонууга тыюу салынат. (кыйкыруу, урушуу, опузалоо, уруп-согуу).
5. Мугалим окуучуну коомдун тең укуктуу өкүлү катары билип, баланын уктарын, эркиндиктерин сыйлоо жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузбоого үйрөнсүн.
6. Окуучуларды адептүүлүккө, ата-энесин сыйлоого, этномаданий баалуулуктарга, курчап турган айлана –чөйрөгө аяр мамиле жасоого тарбиялоо.
7. Педагог деген жогорку наамды булгабоо жана эмгек тартибин милдеттүү түрдө сактоо менен коллективде маралдык-психикалык жактан жагымдуу маанай жаратуу.
8. Өз милдеттин аткарган учурда классикалык стилде кийимди кийүү.

9. Адамдардын жашына, туткан динине, жарандылыгына, улутуна, мүлктүн абалына карабастан алардын укуктарын ар намысын сыйлоо.
10. Өзүнүн аракетине байланышкан коомчулук тарабынан айтылган сындардагы жетишпеген кемчилдиктерди жоюу.
11. Жалпы моралдык нормаларды сактоо, сылык, кичи пейилдик менен мамиле жасоо.
12. Кесиптештердин адистик квалификациясына байланышкан ар намысына шек келтирген маалыматтарды коомчулукка ачыкка чыгарууга жол бербөөгө милдеттүү.
13. Ар бир мугалимге КРнын мыйзамдарын ( "КРнын билим берүү", "Баланын кодексин", "Баланын укуктары жөнүндө конвенциясын", "Мугалимдин статусу жөнүндө") билүүгө милдеттендирет.
14. Буйрук менен бардык мугалимдер таанышып, таанышкандыгы тууралуу өз колдорун коюшсун.
15. Бул буйруктун аткарылышын окуу бөлүмүнүн башчысы Болотбек Алымкуловго милдеттендиремин.

**Мектеп директору: ____________ Мурзакулов А.**